КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XII сессиясы**

**Токтом № 47**

**Сүлүктү шаары** **12-апрель 2022-жыл**

**Спорт комплексин куруу үчүн тийиштүү уруксат кагаздарын жана долбоордук сметалык чыгымдарын (ДСЧ) даярдоо үчүн мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн чыгымдар сметасына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 500,0 (беш жүз миң) сом акча каражатын бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 2022-жылдын 6-апрелиндеги №01-12/01-347 чыгыш сандагы Спорт комплексин куруу үчүн тийиштүү уруксат кагаздарын жана долбоордук сметалык чыгымдарын (ДСЧ) даярдоо үчүн мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн чыгымдар сметасына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 500,0 (беш жүз миң) сом акча каражатын бөлүүгө макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап 20.10.2021ж. №123 Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Спорт комплексин куруу үчүн тийиштүү уруксат кагаздарын жана долбоордук сметалык чыгымдарын (ДСЧ ) даярдоо үчүн мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн чыгымдар сметасынын 3111 беренесинен 2215 беренесине 500,0 (беш жүз миң) сом акча каражатын жылдырууга макулдук берилсин

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага К.Мадаминов